**SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин башталгыч класстардын бирикмесинин отуруму**

**Протокол №1**

**август, 2020-жыл**

**Отурумдун темасы:**

**«Башталгыч класстардын бирикмесинин 2020-2021-окуу жылына карата усулдук иштерин пландаштыруу жана уюштуруу»**

Катышты:

Жакыпова Ч.К

Төрөбаева Г.И

Халбекова Г.М

Шерматова П.Т

Байзакова А.С

Каримова Ж.А

Каюмова А.А

**Күн тартибине каралган маселелер:**

1. Башталгыч класстардын мугалимдеринин методикалык бирикмесинин 2019\2020-окуу жылында өткөрүлгөн иштерге жүргүзүлгөн талдоо.

2. Бирикменин 2020/2021-окуу жылына карата түзүлгөн иш-аракеттердин планын талкуулоо жана бекитүү.

3. Мугалимдердин өз билимдерин жогорулатуу боюнча темаларды бекитүү.

Предметтер боюнча түзүлгөн календардык-тематикалык пландарды бекитүү.

4. Мектептин жана окуучулардын иш-кагаздарын түзүүдө жалпы бирдиктүү орфографиялык режимдин сакталышы.

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Каримова Ж.А чыгып сүйлөп, бирикмеде 2019\2020-жылы жүргүзүлгөн иштердин анализи менен тааныштырды.

Экинчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Каримова Ж.А чыгып сүйлөп, бирикменин мүчөлөрүн 2020\2021-жаңы окуу жылына карата пландаштырылган иш-аракеттер менен тааныштырды. Иш-аракеттердин максаты: «Универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу чөйрөсүндө педагогикалык чеберчиликти өркүндөтүү».

**2020 – 2021-окуу жылына коюлган милдеттер** аталды:

1. Билим берүүнүн мазмунун мындан ары заманбап инновациялык технологияларды колдонуу менен өркүндөтүү боюнча иш-аракеттерди улантуу.
2. Тажрыйба алмашуу аркылуу педагогикалык чеберчиликти өркүндөтүү.
3. Окуучулардын нравалык баалуулуктарын жана патриоттуулугун калыптандырууда тарбиялоо ишмердүүлүгүн өрчүтүү.

- Мектеп жамаатынын сабактан тышкаркы жүргүзгөн ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган иш-аракеттердин ар түрдүүлүгүн байытуу;
- Ата-энелер менен тыгыз мамиле түзүү, мектеп ишмердүүлүгүнө тартуу;

4. Мугалимдин кесиптик чеберчилигинин мотивациясын жана кесиптик жактан өсүүгө карата умтулуусун өркүндөтүү.

5. Онлайн форматында өтүлүүчү сабактардын сапатын жакшыртуу; Техникалык каражаттар менен иштөө мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;

2020\2021-окуу жылына карата түзүлгөн иш планды угуп, талкууга алып, усулдук бирикменин бир добуштан сунушталган планды кабыл алышты.

**Чечилди:** 2020\2021-окуу жылына карата түзүлгөн усулдук бирикменин иш планын бекитүү жана алдыга коюлган милдеттерди аткаруу үчүн усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн ишин уюштуруу.

**Угулду:**

Үчүнчү маселе боюнча мектеп темасы менен шайкеш келген бирикменин усулдук темасын талдашты. Башталгыч класстардын мугалимдеринин өздүк билимдерин өркүндөтүү боюнча алынган темалар талданды, практикалык иш – өздүк темалар боюнча билдирүү жасоо пландаштырылды.

**Чечим кабыл алынды:**

- 1-сентябрга чейин программаларды түзүү боюнча эскертүүлөрдү эске алып, түздөтүүлөрдү киргизүү. Программаларды текшерүүгө берүү.
- Бардык мугалимдерге өздүк билимди жогорулатуу боюнча иштерди улантуу.

**Угулду:**

Төртүнчү маселе боюнча Каримова Ж.А чыгып сүйлөп, бирикменин мүчөлөрүн окутуудагы бирдиктүү талаптар менен тааныштырды.

а) жалпы орфографиялык режимдерди сактоо жана аткаруу;

б) баалардын нормаларын сактоо;

в) класстагы жана үй тапшырмаларынын өлчөмү, үй тапшырмасын берүүдө дифференддештирилген мамиле жасоо.

**Чечим кабыл алынды:** жогоруда айтылган милдеттерди аткаруу жана колдоо.

Усулдук бирикменин ишинин **жыйынтыгы** боюнча

## УСУЛДУК СУНУШТАР

1. Усулдук бирикменин бекиткен иш планына ылайык иш жүргүзүү.
2. Тандалган өздүк усулдук темалар боюнча иш алпаруу.
3. Тажрыйба алмашуу жана сабакты уюштурууда натыйжалуу ыкмаларды өздөштүрүү максатында техника менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу
4. Жаңы 2020/2021-окуу жылына карата түзүлгөн жумушчу программаларын бекитүү.

УБ жетекчиси ________________/Каримова Ж.А.

## SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин башталгыч класстардын бирикмесинин отуруму

## Протокол №2

## Протокол № 2 ноябрь, 2020-жыл

Бирикмедеги бардык мугалимдер: 7

Катышты: 7

**Отурумдун темасы:**

«Башталгыч класстарда талапка жооп бере турган заманбап сабактарды долбоорлоо»

**Күн тартибинде:**

1. Заманбап сабактарга коюлган талаптарды карап чыгуу. Заманбап сабактардын критерийлери.

2. Мугалимдин коммуникативдик компетенттүүлүгү.

4 «б»-классында онлайн өткөрүлгөн Адабий окуу боюнча сабак (мугалим Шерматова П.Т)

3. 1 -класстардын мугалимдери  Каюмова А.А, Байзакова А.С, Жакыпова Ч.К нын билдирүүлөрү. Биринчи класстын окуучуларынын мектеп шартына калыптанышынын жыйынтыгы

6. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча Каримова Ж.А чыгып сүйлөп, «Негизги мектепте окутуунун универсалдуу  иш-аракеттерин калыптандыруу: аракеттен ойго» - деген темада билдирүү жасады.

**Чечим кабыл алды:**

Сабактарды заманбап талаптарга ылайык өтүүгө иш-аракеттерди жүргүзүү;

**Угулду:**

Үчүнчү маселе боюнча  1-классынын мугалимдери биринчи класстардын окуучуларынын мектеп шартына калыптанышы боюнча билдирүү жасашты.

**Чечим кабыл алынды:** мугалимдер биринчи класстардын калыптанышы боюнча материалдарды эске алуу.

Мугалимдерге сунуштар:

- Сабактарды калыптандырууга берилген көрсөтмөлөрдү колдонуу. Бул маселелерди жекече карап чыгуу.

- Окуучулар менен иштөөдө алардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү максатында ар кандай технологияларды колдонуу (билүү, ачуу, колдонуу).
- Бирикменин отурумунда каралган материалдарды окуу процессинде жана иште колдонуу.

УБ жетекчиси ________________/Каримова Ж.А.

**SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин башталгыч класстардын бирикмесинин отуруму**

**Протокол №3 январь, 2021-жыл**

Бирикмедеги бардык мугалимдер: 7

Катышты: 7

Отурумдун темасы:

**Маалымат-коммуникациялык технологиялар- кенже окуучулардын мотивациясын өнүктүрүү каражаты.**

1. Сабактарды коммуникациялык-маалымат технологияларды колдонуу –окуу-тарбия процессинини ажырагыс бөлүгү.

2. Окуутуу процессинде маалымат берүү технологияларын колдонуунун түрлөрү.

4. Аталган технологиялардын  окуучулардын окуу жана чыгармачылыгын өстүрүүгө тийгизген таасири.

**Угулду:**Биринчи маселе боюнча Каримова Ж.А чыгып сүйлөп, аталган тема боюнча билдирүү жасады. КМТ – бул өз алдынча издөө,топтоо, талдоо, баалоо, уюштуруу, көрсөтүү, маалымат берүү, моделдештирүү жана долбоорлоо ж.б. Ар бир мугалим окутуу процессинде компьютердик технологияларды колдонуу анын кесиптик чеберчилигинин өсүшүнө таасир берээрин эстен чыгарбоосу абзел.

**Чечим кабыл алынды:** Мультимедиялык программалар менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Угулду:**

Экинчи маселе боюнча Каримова Ж.А мультимедиялык программаларды колдонуунун жолдору менен ой бөлүштү.

- Сабактын темасын, максатын жана проблемалык суроо коюу үчүн…
- мугалимдин түшүндүрмөсүн коштоо катары,
- маалымат берүү менен окутуу,
- интерактивдүү лаборатория
- билимге көзөмөл салуу
- окуучулардын өздөрүнүн билдирүүлөрүн жактоосун коштоо максатында
- сабакты жыйынтыктоодо
- тренинг өткөрүүдө (сөздүк иш, оозеки санак)
- интерактивдүү оюндарды коштоо

**Чечим кабыл алынды:** Сабакта жана сабактан тышкаркы иштерде КМТ киргизүүнү активдештирүү.

УБ жетекчиси ________________/Каримова Ж.А.

**SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин башталгыч класстардын бирикмесинин отуруму**

**Протокол №4**

**март, 2020-жыл**

Бирикмедеги бардык мугалимдер: 8

Катышты: 8

**Отурумдун темасы:**

**Сабактарда техникалык каражаттарды колдонуу**

Кабинеттердин техника менен жабдылышы:

1. Жакыпова Ч. К ( проектор, экран, түстүү принтер);
2. Байзакова А.С (проектор, экран, принтер);
3. Халбекова Г.М (телевизор, принтер)
4. Казыбекова М.К ( проектор, экран, принтер);
5. Каюмова А.А (телевизор, принтер, проектор, экран);
6. Төрөбаева Г.И (проектор, экран);
7. Шерматова П.Т (интерактивдүү доска, проектор, түстүү проектор, телевизор);
8. Каримова Ж.А (телевизор, проектор, экран);

Чечим кабыл алынды:

- Жогоруда аталган техникалык каражаттарды туура колдонуу менен сапаттуу сабактарды өтүүнүн үстүндө аракеттенүү;

  Андан ары ар түрдүү маселелер каралды. Даталуу күндөргө карата иш-аракеттерди уюштуруу боюнча болжолдуу план түзүлдү. Апрель, май айларында аралыктан билим берүү;

Чечим кабыл алынды:

- Аралыктан билим берүүгө даярдануу;
- Техникалык каражаттарды туура колдонуу боюнча тренингдерге катышуу;

УБ жетекчиси ________________/Каримова Ж.А.

УБ катчысы ________________/Жакыпова Ч.К.

**SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин башталгыч класстардын бирикмесинин отуруму**

**Протокол №5**

**июнь, 2020-жыл**

Бирикмедеги бардык мугалимдер: 8

Катышты: 8

**Отурумдун темасы: Жыл жыйынтыгын чыгаруу**

1. 1-класстардын мугалимдеринин иштеринин жыйынтыгын чыгаруу.

2. Башталгыч класcты аяктоо курсу боюнча жыйынтыктоо иштерине талдоо жүргүзүү. Кыргыз тили, математика боюнча окуучулардын билиминин сапатынын мониторинги.

3. 2019\2020-окуу жылы боюнча башталгыч класстардын мугалимдеринин ишине талдоо жүргүзүү.

4. 2020\2021-окуу жылына карата брикменин иш планын талкуулоо.

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча 1-класстардын мугалимдери чыгып сүйлөшүп, жыл жыйынтыгын чыгарышты. Мугалимдер окуу жылында өткөрүлгөн иш-аракеттер тууралуу айтып беришти.

- Биринчи окуу жылынын аягында жетүүчү жыйынтыктарды болжолдоо жана жеке инсанга багытталган окутууну уюштуруу максатында окуучулардын старттык билимдерин аныктоо жүргүзүлдү.
- Сабактан тышкары тарбиялык иш-чаралар жүргүзүлдү. Иш-чараларга ата-энелер тартылды.
- Окуучулардын ар биринин Портфолиолору түзулдү;

Мындан сырткары окуу жылында жетишкендиктер менен катары кыйынчылыктарга да дуушар болушту.

**Чечим кабыл алынды:** Билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иш-аракеттерди улантуу.

**Угулду:**

Экинчи маселе боюнча бирикменин жетекчиси Каримова Ж.А чыгып сүйлөп, окуу жылынын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлгөн администрадивдик текшерүү иштеринин анализинин негизинде түзүлгөн справканын мазмуну менен тааныштырды, Аралыктан окутуунун жүрүшү боюнча маалымат угулду.

**Чечим кабыл алынды:**

1. Билим сапатын баалоо системасы боюнча Жоболорду иштеп чыгуу.

2. Педагогдун компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча усулдук көрсөтмөлөр жана окутуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу процессин коштой турган усулдук илимий, маалыматтар менен камсыз кылуу;

3.Мониторингдин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.

**Угулду:**

Үчүнчү маселе боюнча Каримова Ж.А бирикменин мугалимдеринин жыл ичинде аткарган иштерин талдады, мугалимдердин активдүү иштерин, алардын жогорку кеиптик чеберчиликтерин, окуучуларды окуудагы жакшы жетишкендиктерин  белгиледи.

**Чечим кабыл алынды:** Мугалимдердин 2019\2020-окуу жылында аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.

**Угулду:**

Төртүнчү маселе боюнча башталгыч класстардын мугалимдери чыгып сүйлөштү, жаңы окуу жылына карата иш планын жана милдеттерди талкууга алышты.

**Чечим кабыл алынды:** Бирикменин жетекчисине жаңы 2020\2021-окуу жылына карата иш планын түзүү милдеттендирилсин.

УБ жетекчиси ________________/Каримова Ж.А.

УБ катчысы ________________/Жакыпова Ч.К.